# Filologiya Bagıtındagı Ayrım İlimiy cana Metodikalık İzildöölör

**Editör**
Mayrambek Orozobayev

**Yazarlar**
Aygül Koylubayeva
Karlıgaç Cumakadırova
Keldibek Koylubayev
Gülnaz Kozubekova
Aynura Kanıbekova
Farizat Kuramayeva
Burul Elebesova

**ISBN:** 978-625-7305-33-4

**1. Baskı**
Temmuz, 2021 / Ankara

**Yayın Sertifika No**
46683

**Matbaa Sertifika No**
46682

Grafiker®
Yayınları
Yayın No: 399
Web: grafikeryayin.com

**Kapak, Sayfa Tasarımı,**
**Baskı ve Cilt**
Grafiker®
Grafik-Ofset Matbaacılık Reklamcılık
Sanayi ve Ticaret Ltd. Şti.
Oğuzlar Mahallesi
1396. Cadde No: 6/A
06520 Balgat-ANKARA
Tel : 0 312. 284 16 39 Pbx
Faks : 0 312. 284 37 27
E-mail : grafiker@grafiker.com.tr
Web : grafiker.com.tr

Kitaptaki bölümlerin hukuksal ve bilimsel sorumluluğu yazarlarına aittir.

# МАЗМУНУ

**Сөз башы** ........ 5

*А. Койлубаева.* Багыныңкы кошмо сүйлөмдүн түгөйлөрү туюнткан маанилер жана аларды берүүнүн стилдик каражаттары ........ 9

*А. Койлубаева.* Кыргыз тилин окутуунун инновациялык методдору ........ 15

*К. Жумакадырова.* Түрк элинин көрүнүктүү акыны – Сейид Имадеддин Насими ........ 27

*К. Койлубаев, Г. Козубекова.* Замана агымы жана Айтматов ........ 45

*К. Койлубаев, А. Каныбекова.* Доор жана сөз өнөрү ........ 55

*Ф. Курамаева.* Түрк тилиндеги курал, окшоштук, багыт жөндөмөлөрү жана алардын азыркы кыргыз жана азербайжан тилдеринде туюнтулушу ........ 65

*Б. Элебесова.* Кыргыз жана түрк поэзиясында философиялык башталмалар ........ 83

# СӨЗ БАШЫ

1990-жылдардагы Советтик державанын ыдырашы, анын ичиндеги социалисттик республика статусуна ээ болгон өлкөлөрдүн өз алдынча көз-карандысыз мамлекеттер катары ортого чыгышы, дүйнөдөгү саясий, экономикалык тең салмактуулуктун бузулушу өңдүү тарыхый окуялар, ага удаа эле технология жаатындагы чоң секирик, интернет желесинин жайылышы, глобалдашуу процессинин тездеши, эл аралык мамилелердин жаңы деңгээлдерге көтөрүлүшү сыяктуу өнүгүү жана өзгөрүүлөр илимдин башка тармактарында болгондой эле филология тармагына да өз таасирин тийгизди. Бул тармакта эмгектенген окумуштуулар арасында ага чейинки илимий табылгаларды, чекит коюлду делген айрым илимий маселелерди, калыптанып калган же адатка айланган изилдөө ыкмаларын кайрадан сын көз менен карап, изилдөө объектилерин башка жаңы өңүттөрдөн колго алуу аракеттери байкала баштады. Мындай аракеттерди өлкөбүздө акыркы жылдары жазылган филология тармагы менен байланыштуу илимий эмгектерден да көрүүгө болот. Ал эмгектерде жалпысынан кыргыз тили жана адабияты менен байланыштуу маселелер колго алынып, көбүнчө синхрондук жана диахрондук салыштыруу, салыштырма-типологиялык анализ жасоо ыкмаларынын колдонулганын белгилей кетүү абзел. Ошондой болсо да, кыргыз адабиятынын

өнүгүү процесси, учурдагы абалы, чыгармалардын темасы, аны окутуунун ыкмалары, кыргыз тилинин тарыхы, тарыхый жана азыркы тектеш тилдер менен байланышы, түрк тилдеринин ичиндеги орду, арап, перс, монгол, кытай, орус тилдери менен болгон карым-катышы ж.б. өңдүү маселелер боюнча изилдөөлөр дагы деле жетиштүү деңгээлге чыга элек экендигин тана албайбыз. Анткен менен тилибиздин табиятына, тамырына, ички кудуретине (потециалына) жана ошол тил менен жаралган элдик оозеки жана адабий чыгармаларыбыздын ааламдык жана улуттук баалуулуктар менен ширелген ички маани-маңызына сүңгүп кирген сайын алдыда дагы далай эмгектер жаралаарын, көптөгөн илимий табылгалар жарыкка чыгарын боолголоо кыйын эмес. Ушул ойду бекемдөө, өзгөчө өлкөбүздөгү филология багытындагы илимий изилдөө процессинин тездешине, жайылышына, колго алынып жаткан изилдөө объектилерине башка окумуштуулардын да көңүл бурушуна аз да болсо себеп болуу максаты менен колуңуздагы жыйнакты чыгарып отурабыз.



Бул жыйнакта өлкөбүздө филологиялык изилдөөлөргө өз салымдарын кошуп келе жаткан айрым окумуштуулардын макалаларына орун берилди. Алар тууралуу кыскача төмөндөгүлөрдү белгилеп өтүүгө болот:

А. Койлубаева тарабынан даярдалган *“Багыныңкы кошмо сүйлөмдүн түгөйлөрү туюнткан маанилер жана аларды берүүнүн стилдик каражаттары”* аттуу макалада кыргыз тилинин синтаксистик каражаттарынын бири болгон багыныңкы кошмо сүй-

лөмдү, ал туюнткан маанини окуучуларга үйрөтүү стили тууралуу сөз болот. Ушул эле автордун *“Кыргыз тилин окутуунун инновациялык методдору”* аттуу бир башка макаласында болсо кыргыз тилин орто мектептерде мезгилдин талабына шайкеш окутуу маселесине көңүл бурулат. Ал эми К. Жумакадырованын *“Түрк элинин көрүнүктүү акыны – Сейид Имадеддин Насими”* аттуу макаласында азербайжан акыны Сейид Имадеддин Насиминин көркөм поэтикалык дүйнөсү, акындык чеберчилиги, түрк адабиятындагы орду, таасири, калтырган баалуу адабий мурастары жана алардын изилдениши тууралуу кеңири сөз болот. К. Койлубаев жана Г. Козубекова тарабынан даярдалган *“Замана агымы жана Айтматов”* аттуу макалада авторлор залкар жазуучубуз Ч. Айтматовду “замана агымынын” улантуучу зор өкүл катары карап, анын чыгармачылыгына ушул өңүттөн дагы иликтөө жүргүзүү керектиги тууралуу ойлорун сунушташат. Жыйнакка кирген *“Доор жана сөз өнөрү”* аттуу макалада болсо эмгектин авторлору (К. Койлубаев жана А. Каныбекова) көркөм сөз өнөрүнүн доордук өңүттөгү түйүндүү маселелерин чечүүнүн маанисине токтолуу менен акындар поэзиясын мезгилдик өнүгүү баскычтарына карай доорлорго бөлүп иликтөөнүн зарылдыгын белгилешет. Ал эми Ф. Курамаева тарабынан даярдалган *“Түрк тилиндеги курал, окшоштук, багыт жөндөмөлөрү жана алардын азыркы кыргыз жана азербайжан тилдеринде туюнтулушу”* аттуу макалада кыргыз тилинде архаикалык элемент болгон курал, багыт жөндөмөлөрү жана тарыхый эволю-

циясы абдан кызыктуу, учурдагы грамматикалык функциясы абдан кеңири, көп жактуу болгон окшоштук жөндөмөсү тууралуу сөз болот. Автор бул морфологиялык элементтердин түрк тилиндеги колдонулушунун негизинде алардын азыркы азербайжан жана кыргыз тилдериндеги абалдарын талдоого алат. Жыйнактагы Б. Элебесованын *"Кыргыз жана түрк поэзиясында философиялык башталмалар"* аттуу макаласында болсо автор кыргыз акындарынын поэзиясындагы өлүм, өмүр, сүйүү, жек көрүү, коркуу ж.б. өңдүү түбөлүктүү темалардын филасофиялык булагы, тереңдигин талдоого алып алардагы айрым философиялык мотивдердин түрк акындарынын чыгармаларында да кезигээрин түрк акыны Сефа Каплландын *"İlk dudak" (Алгачкы эрин)* аттуу ырын мисалга алуу аркылуу туюнтат.



Жогорудагы кыска маалыматтардан да байкалгандай, акыркы мезгилдерде кыргыз филологдору тарабынан колго алынган филология багытындагы изилдөө объектилери, аларга карата колдонулган изилдөө ыкмалары жана өңүттөрү ар түрдүү. Ушунун өзү эле учурда өлкөбүздөгү филология илими менен байланыштуу жүргүзүлүп жаткан изилдөө иштеринин жалпы багыты, абалы жана келечеги тууралуу аз да болсо кабар берет деген ойдомун. Аттары аталган авторлордун бардыгына мындан аркы илимий иштерине ийгилик каалоо менен алардын чакан эмгегинин топтому болгон ушул жыйнакты кымбаттуу окурман, сиздин кыраакы назарыңызга сунуш кылам.

*Ph.D., доцент Майрамбек ОРОЗОБАЕВ*